УДК 801.81

Шакитов Ш.
*Ж.Алышбаев атындагы Ысык-Көл кооперация институту*

# ГОМЕР ЖАНА САЯКБАЙ

С.Каралаев жөнүндө көп эле айтылды. Бирок айтыла тургандары да бар. Маселенин коюлушу катары алардын айрымдарына гана учкай токтоло кетели.

Биринчиден, чоң манасчылардын дээрлик бардыгы "Манасты" түш көрүүдөн кийин айтууга мажбур болгондугун эскеришет. "Сокур тооктун түшүнө таруу" кирсе, аракечтин түшүнө арак кирет. Манасчылардын түшү булардын түшүнө эч окшобойт... Манасчылардын түшүн жоруп гана коюу аздык кылат. Илим түш көрүүнү түшүндүрсө да, манасчылардын түшүн али түшүндүрө албай, ал турсун анча көңүл да бөлбөй келатат. Бул маселени чечүү бир гана илимдин колунан келбечүдөй көрүнөт. Ал үчүн бир нече илимдин (логика, тарых, тил, психология, физиология, философия, фольклористика ж.б.) баш кошкон жери керек болуп турат. Экинчиден, Саякбайдын варианттарында согуштук эпизоддор айрыкча көп берилип, кеңири мүнөздө өзгөчө күч менен таасирлүү сүрөттөлөт; ушуга ылайык, каармандардын башка сапаттарына караганда баатырдык сапаттарын мүнөздөөгө чоң орун берилип, өзгөчө ынтаа менен сыпатталат. Бул өзгөчөлүк Саякбайдын жигит курагында ак гвардиячыларга, басмачыларга каршы салгылаштарга катышып, согуш эпизоддорун жакшы билип, аскерлердин жеке эрдигин аралаша жүрүп көрүп, ошондон катуу таасир алып калганынан да чыкса керек дешип, "гипотеза" түзүшөт кээ бир изилдөөчүлөр. Андай экен Балык, Келдибек, Найманбай, Сагымбай, Сейдана, Тыныбек, Чоюуке, Шапак ж.б. чоң аталарыбыз, чоң энелерибиз граждандык кайсы согушка катышып, кандай түстөгү гвардиячылар менен кармашып, эрдиктерге шыктанып, таасирленип, анан манасчы болушкан? Дүйнөлүк 2-согушта моторлошкон миндеген уруштарга катышып, кайталангыс эрдиктерди көрсөткөн жети миллиондон көбүрөөк адам СССРдин орден жана медалдары менен сыйланган; 11603 жоокер "Советтер Союзунун Баатыры" (булардын 86сы аялдар; 104 эки жолу; Г.К.Жуков, И.Н.Кожедуб, А.И.Покрышкин үч жолу) наамына татыктуу болгон. Булардын эр жүрөктүүлүгүн өз көздөрү менен көрүп, эрдигине шыктанышкан, таасирленишкен кыргыз жоокерлеринин бири да фронттон манасчы болуп келишпеди. Азыркы жаш манасчылар Баткен согушуна катышып, таасирленип келишип, манасчы болушту беле?

Ыйынып-ычкынган, жасалма, жаттама, жамакчылар бирөөлөрдүн таасиринде болсо болор. Бирок "болоор уул богунан" табыйгый, чыгаан таланттарга "таасирленүү" методун ыгы жок жармаштыруунун кереги деле жоктур. Деги эле таасирленүү проблемасына жаңыча кароо күн тартибинде тургандай. Үчүнчүдөн, адамзат турганда түбөлүктүү жашай берүүчү, өлбөс-өчпөс Саякбайга салыштырганда жергиликтүү маанидеги окуяларга деле пьесалар жазылууда. С.Каралаев жөнүндө драма жазуучулар элибизден чыгып калгандыр? "Манас" океан болсо, Саякбай – океанды узун-туурасынан сүзгөн, чөкпөй турган улуу кеме. Төртүнчүдөн, айрым изилдөөчүлөр өз мезгилинде Саякбайды "XX кылымдын Гомери" аташты. Гректер, анын ичинде "Илиада" жана "Одиссея" дүйнөлүк маданиятка эбегейсиз зор салым кошту, аны ар тараптан байытты. Мисалы, аталган эпостор боюнча айрым сөздөргө түшүндүрмө берели:

Аид - Зевстин бир тууганы; тиги дүйнөнүн, тозоктун, өлгөндөрдүн падышасы.

Сөздүн маанисин түшүнбөй эле кыздарга "Аида" атын коюу жайылып кетти,

Аполлон - Зевстин уулу; Күн жарыгынын, музыка менен поэзиянын, олуялыктын кудайы; көзү ачык, дарыгер. Аполлон - кичи планета; 1909-1917-жылдарда Петербургда чыккан адабий-көркөм журнал; "Аполлон"- америкалык космос кемелеринин сериясы;

Афина - даанышмандыктын, кол өнөрчүлүктүн, согуш иштеринин кудайы.

Афины - Грециянын борбору; Гелиос (Гелий) – Күндүн кудайы; химэлемент; гелиобиология, гелиогеофизика, гелиотерапия, гелиотехника ж.б.

Елена - Зевстин кызы; ак куунун кейпин кийген, аялдардын ашкан сулуусу (Айчүрөк). Аялдардын аттары.

Зевс - адамдарга жана майда кудайларга чексиз өкүмдүк, үстөмдүк кылуучу эң башкы, жогорку кудай (байыркы римдиктердин мифологиясындагы Юпитер сыяктуу). Юпитер - күн системасындагы 5-планета; күчтүү, дого түрүндөгү электр лампасы.

Кассандра - Троя падышасы Приамдын көзү ачык кызы; ал жаман жөрөлгөлөрдү, коркунуч туудуруучу белгилерди, бактысыздыкты алдын ала айткан.

Крон - Зевстин атасы; адегенде дүйнөгө Уран асман кудайы падышалык кылган; ага Гея титандарды төрөп берген; Уран - химэлемент; Күн системасындагы 8-планета; гея –Жер, геоботаника, геология, геофизика, геомагнетизм; титан - химэлемент; Сатурн планетасынын жандоочуларынын эң ириси; сейрек кезигүүчү, эң таланттуу, акылман, көрүнүктүү ишмер;

Муза - бий, музыка, поэзия, ырдын жана илимдин ж.б. тогуз кудайы. Музалар Парнас тоосунда жашайт; ар бири искусствонун белгилүү бир түрүн башкарат. Алардын атасы - Зевс. Муза - акындык шыктануу булагы; анын чыгармачылыгынын артыкча эле өзгөчөлөнүп турушу.

Нектар - кудайларга өлбөстүк жана түбөлүк жаштык тартуулоочу суусундук. Жыттуу гүлдөрдүн балдуу, канттуу маңызы.

Олимп - миф тоосу. Олимпиадалык конкурстар, спорт оюндары ж.б.;

Орион - таң кудайы. Топ жылдыздардын бири; майда-барат нерселерге атын койушуп, анын маанисин төмөндөтүп жиберишти. Селена - Айдын кудайы; Күндүн кудайы - Гелийдин биртууганы. Селенит - минерал; селенография, селенология;

Фемида - адилеттиктин кудайы. Калыстыктын, сот адилеттүүлүгүнүн символу.

Эгей - Афина падышасы. Эгей деңизи;

Эгида - эчкинин териси; ошондон жасалган эң байыркы калкан. Аны менен Афина жана Зевс коргонгон. Бирөөлөрдүн жактоочусу, колдоочусу, сактоочусу.

Эфир - жаркыраган, күлпөң нур чачкан, абанын кудайлар жашаган жогорку катмары. Радиотолкундар таралуучу чөйрө; органикалык кошулмалар классы; күкүрт эфири техникада эритүүчү; медицинада (оорутпай операция жасоодо) анестезия каражаттары катары колдонулат ж.б.

Жогорудагы айтылгандар кептин бир жагы, эми экинчи жагына кайрылып, салыштырып көрөлү. Гомер Байыркы Грециянын ылакап (предание) жомокчусу, ырчысы. Анын өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндө так маалыматтар жок. Уламыштарга караганда, Гомер - эл кыдырып, эпос айткан рапсод.

Саякбай – конкреттүү, реалдуу манасчы. Анын өмүрү, чыгармачылыгы жөнүндө так маалыматтар бар. Уламышы жок эле XX кылымда үч муун кыргыздарга ж.б. «Манас» айткан.

II. Гомер Аргос, Афины, Колофон, Родос, Саламин, Смирна, Хиос - Грециянын жети шаарынын биринде төрөлүп, б.з.ч. XVII-XII кылымдарда өмүр сүргөндүгү жөнүндө илимде айтылат. Ушул фактылардын өзүндө эле бүдөмүктөр байкалат.

Саякбай 1894-жылы Тоңдун Ак-Өлөң кыштагында төрөлүп, 1971-ж. Фрунзеде дүйнөдөн кайткан (маркумга биз да топурак салганбыз; сөөк өткөн көчөлөр элге шыкалып, басарга жер жок болуп калган).

III. Адегенде көп сандаган эпостук чыгармаларга Гомер автор деп эсептелсе, кийинчерээк ага "Илиада" жана "Одиссеянын" авторлугу гана ыйгарылган.

Саякбайга чейинки манасчылардын ролун эч ким таналбайт. Бирок Саякбайдан 1932-1947-жылдары "Манас" үчилтигинин толук варианттары жана "Сейтектин" уландысы Кенен, Алымсарык, Кулансарыктар жөнүндө да ыр саптары жазылып алынган.

IV. "Илиада" менен "Одиссеянын" чыныгы автору ким, качан жаралганы, кантип калыптанганы жөнүндө талаш-тартыштар илимде "Гомер маселесин" туудурган. Бул проблема азыркыга чейин толук чечилелек.

Саякбайдын манасчылыгында мындай проблемалар кезикпейт.

V. Айрым окумуштуулар "Илиаданы" б.з.ч. IX-VIII кылымдарда, "Одиссеяны" андан бир кыйла кийинчерээк калыптанып бүткөн дешет. Андай болсо, Гомер өзүнүн эпосторунан 5-8 кылым мурда жашаган болот???

Бул өңдүү логикалык карама-каршылыктарды Саякбайдан табалбайсың.

VI. "Илиада" жана "Одиссея" чылк мифтерден куралган (айрым бир реалдуулуктарын жокко чыгарууга болбойт). Анткени алар мифтик жана диний көз караштардын мезгилине туура келет.

"Манаста" да мифтер, диний белгилер кезигет, бирок анда реалдуулук көбүрөөк. "Манас" - кыргыз элинин энциклопедиясы, ал эми энциклопедия жалаң гана мифтерден, диний элементтерден түзүлбөйт.

VII. "Илиада" жана "Одиссея" Греция менен Кичи Азиянын ортосундагы майда аралдарда жарыкка келген.

"Манас" бүтүндөй Улуу жибек жолун кучагына алат.

VIII. "Илиада" менен "Одиссея" фольклордук чыгармалардын кагазга түшүрүлгөн гана варианттары эмес жаңыдан өөрчүй баштаган жазма адабияттын туңгучтарынан. Жазма адабияттарга кошумча-алымча, түзөтүүлөр киргизүүгө эч кимдин укугу жок (тактоо башка маселе).

Чоролор Жайсаң менен Ырамандын уулу; Жээренче чечен менен Толубай сынчынын замандашы Токтогул ырчыларды ("Толубайдай сынчы бол, Токтогулдай ырчы бол") Манас жөнүндөгү алгачкы ырларды жаратуучулар деп шарттуу түрдө алсак, алардан бери тарыхка белгисиз  жана белгилүү манасчылар улуу эпосту чыгармачылык менен өркүндөтүп, көркөмүнө ажайып дүйнөлөрдү, идеяларына жаңы мазмундарды; көлөмүнө эпикалуу масштабдарды кошуп келишкен.

IX. Гомердин эпостору эки китептен турат. "Манастын" жарыяланбаган жана жарыяланган көптөгөн варианты бар (буга кытайдагы манасчы Ж.Мамайдыкы кирбейт). Саякбайдын варианты гана 500553 ыр сабын түзөт. Бул дүйнө элдерине белгилүү "Махабхаратадан" эки жарым, "Шах-Намеден" беш, "Илиада" жана "Одиссеядан" жыйырма эсеге көлөмдүү дегенди түшүндүрөт. Мындан тышкары, Саякбай "Төштүк" эпосун да айткан жана өзү да чыгармаларды жараткан: "Бүркүттүн жомогу", "Делдеш баатыр", "Карамолдо", "Кубаттын көргөн азабы", "Томор мерген", "Унутулгус күндөр" ж.б. улуу манасчыга таандык. Ушундай шарттарда Саякбайды "XX кылымдын Гомери" деп атоо аздык кылат. Саякбай – эпосчулардын титаны. Биз С.Каралаевге "эпосчулардын титаны" эпитетин ыйгараар элек. Бул Саякбай ээ болгон бардык сыйлыктардын жогору турмакчы.

"Билбеске сыртынан караса,
Бир жүргөн чүкөдөй карыя.
Билгенге бүт элди тамшанткан,
Жомоктон жаралган дарыя.

Кээде мен таң калам өзүмчө,
Бул адам адамбы, башкабы?
Канткенде сыйды экен башына,
"Манастын" миллион саптары.

Дарт келсе өмүргө айыкпас,
Табабыз сакайтар дарыны.
Бирок биз таппайбыз жоготсок,
Сакемдей океан карыны".

Эми океандай Сакемди гана эмес, бул ырдын авторун, тунук башаттай Байдылданы да таппай калдык - «оома-төкмө дүнүйө оодарылат күнүгө, ким жеткен анын түбүнө?" Жогоруда айтылгандар менен Саякбайдын Балыкчыдагы эстелигин салыштырса, ал эң арзан, эң жеңил, эң жөнөкөй бүткөрүлгөн, титандын элесин чагылдырбайт. Болгону чүкөдөй бир карыяга тургузулган эстелик.

Саякбайга тиешелүү айрым маселелерди объективдүү түрдө кайрадан карап чыгуу

XXI кылымдын гана эмес, XXII кылымдын муундарынын да милдеттерине жатаар.

С.Каралаевдин сөөгүн жашыруудагы Ч.Айтматовдун сөздөрү али да кулагыбызда: "Сакадай боюу сары алтын Сакемди тирүүсүндө толук баалай алдык бекен... Үмүтүбүздү үзбөйлү - эл бар эмеспи. Элден Сакем өңдүү манасчы чыгып калаар!" Саякбайдай манасчы болуу кайда? Бирок жаш манасчылардын катары көптөн үмүттөндүрөт. Улуу өнөрчүлөрдү татыктуу шакирттери ээрчишет.

Алп манасчы дүйнөдөн кайткан жылы Талантаалы Бакчиевдин төрөлүшү символикалуу. Булар кандаштар, Карала менен Талантаалынын кубары жатындаштар. Талантаалы Манастын жети атасынан баштап, баатырдын өлгөнүнө чейинки окуяларды жана "Семетейди" өз варианты менен айтат. "Манастын" кульминациясы "Чоң казат". Т.Бакчиевдин "Чоң казаты" сегиз басма табакты же 7600 ыр сабын түзөт. Ал "Манастын" миң жылдыгына карата Караколдон 1995-ж. жарык көргөн. Китепчеге биз баш сөз жазганбыз жана редактордун милдетин да аткарганбыз. Ал кездерде Т.Бакчиев ЫМУнун студенти болучу, азыр "Манас" боюнча изилдөөчүлөрдөн. Бир эле мезгилде манасчы жана "Манас" боюнча илимпоз болуу мүмкүнчүлүгү буга чейин эч кимде жок эле, ал азырынча кайталангыс көрүнүш! Жаш манасчы 2005-жылдын октябрында А.Жакыпбектин "Теңири Манас" чыгармасынын негизинде диссертация жактап, филология илимдеринин кандидаты даражасына ээ болду. Эми докторлук теманын үстүндө иштөөдө. Жетекчиси - академик К.Исаев.

Элге таанылган, Балыкчы боюнча Саякбайдын жердештеринин, жолун жолдоочуларынын бири – Сапарбек Касмамбетов. Биринчиден, баарыдан мурда, ал - 50 жылга жакын, бай тажрыйбасы бар өрнөктүү педагог "Манасты" окутуу программаларын түзүүчүлөрдөн; "Тил башаты макалда" усулдук сунуштардын автору. Экинчиден, төкмө акын. Эң соңку жетишкендигинин бири: Т.Сатылгановдун 140 жылдыгына арналган төкмө акындардын республикалык конкурсунда С.Касмамбетов байгелүү орунга татыды. Үчүнчүдөн, төкмөлүктү манасчылык менен айкалыштырып тим болбостон, Манастагы каармандар жөнүндө китептер чыгарып келет: "Эр Кошой" дастаны жана "Билерик" аттуу баатырдык поэмасы экинчи жолу жарык көрдү. Кезекте "Жар Манасты" жаратуу милдети турат. Андан кийин элге анча белгилүү эмес чоролор Жалгызээк (Кошойдун уулу), Дагар кыз, Култаң, Нургузарлар жөнүндө да эпизоддук окуяларды өөрчүтүп, элдик баатырлардын образдарын түзүп, өзүнчө чыгармалар жаратсам деген илгери үмүттөрүн ишке ашырууда. Төртүнчүдөн, "Бала кыялы", "Балыкчы баяны", "Балдардын бала Манасы" китептери окурмандарын таап, С.Касмамбетовдун атын Балыкчыдан ары сүрөп, республикага, дүйнөгө чыгарды. Ал эми кызы Гүлнара Сапарбектин фамилиясын жер шарына күн сайын жарыялап турду. Ал БиБиСиде продюссер, радиоберүүлөрдүн кыргыз бөлүмүн тейледи. Элдин, жердин атын уулдар гана эмес, кыздарыбыз да чыгарганы чоң сыймык! Кызынын жардамы менен С.Касмамбетов Лондондо «Манас» айтып, англичандарды таңдантты. Демек, улуттук маданиятыбыз элдик жана кесиптик маданиятты айкалыштырып, анын эки жагына тең көңүл бөлүп келет. Жер шарына «Манастын» кеңири тарала башташы улуттук аң-сезимди өркүндөтүүдөгү улуу каражаттын эң орчундууларынан болуу милдетин аткарууда.

Адабияттар:

1. Лосев А. Гомер. –М., 1960.
2. Саякбай китепте: «Манас» энциклопедиясы, II т. –Б., 1975, 184-190-беттер.
3. Бакчиев Т. Манасчылар. –Б., 2012.
4. «Манас»; 4 томдук. –Ф.: Кыргызмамбас, 1958-1960.
5. «Манас»; I, II, III, IV, тт. –Ф.: Кыргызстан, 1978-1982.